Педагогикалык кеңешменин №1 буйругунун чечиминен көчүрмөсү

09.09.2021ж Тегизчил айылы

Күн тартибинде каралуучу маселе:

2.2021-2022-окуу жылы үчүн мектеп компонентин бекитүү жөнүндө.

Угулду: күн тартибиндеги 2-маселе боюнча мектептин директору Атыгаев Талгарт Урматтуу ата-энелер, усулдук бирикме жетекчилери, мугалимдер 2021-22-окуу жылына карата 5-8-класстар үчүн базистик планда мектеп компоненти каралган,сиздер менен биргеликте кайсы предметке берээрибизди аныктообуз керек.

Ата-энелер комитети Алпарова С: Биз жылыга август айындагы отурумда окуу планын биргеликте талкуулап келебиз.Быйылкы окуу жылда да базистик планда мектеп компоненти берилген, мектеп үчүн берилген компонент багыттуу болуусу зарыл, кайсы предметти окутууда терендетүү керек же кайсы предметте окуучулардын жетишүүсү төмөн болуп жатат деген бир топ анализдин шартында аныктообуз зарыл. Окуучулардын быйылкы берилген компоненттти 5-класстыкын математика сабагына , 8-класстар үчүн химия сабагына бергенибиз туура болот деп эсептейм.

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Токторбаева Н: Быйылкы окуу жылы үчүн негизделген базистик пландагы мектеп компонентинин 5-класстар үчүн математика сабагына, анткени малекеттик стандарты ишке ашырууда 5-6-класстардын математикасын өздөштүрүү кыйынчылык жаратууда.8-класстардын компонентин химия сабагына бергенибиз тура болот.

Ата-энелер комитетинин, мугалимдердин билдирүүсүн угуп жана педагогикалык кеңеш төмөндөгүдөй чечим кылат:

Чечим:

2) 2021-2022-окуу жылы үчүн мектеп компоненти 5-класстар үчүн 1 саат математика сабагын, 8-класстар үчүн 1 саат химия сабагын окутуу үчүн берилсин.

Мектеп директору: Атыгаев Т

Катчы: Осмоналиева Б

Көчүрмө анык.